**УДК: 373.3**

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ МЕКТЕПКЕ ОКУУГА ДАЯРДООНУН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Улук окутуучу. Кадырова Турна.
*ORCID: https://orcid.org/0009-0000-9276-56-49*
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
turnakadyrova@gmail.com

**Аннотация:** Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын алдыдагы максаты болуп, мектеп жашына чейинки балдарды мектептеги окууга даярдоо болуп саналгандыктан, балдарды окууга кантип, канчалык деңгээлде даярдоо керек?- деген олуттуу суроо жаралат. Илимий макалада бул тема ушул мезгилге чейин кантип изилденип келген, кимдер изилдеген, кандай жыйынтыктар чыгарылгандыгы баяндалат. Мектеп жашына чейинки балдарды мектепке окууга даярдоонун азыркы глобалдашуу жана маалымат доорунда канчалык деңгээлде каралып жаткандыгын жана алдыдагы милдеттер, максаттар, жүргүзүлүүчү иштин мазмуну жөнүндө айтылат. Мектепке окууга даярдоонун деңгээлдери, даярдыктын багыттарына анализ берилген. Балдарда окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу негизги маселе болуп каралды.

Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн этаптарына мүнөздөмө берилген.Бала бакчанын балдарын мектептеги окууга педагогикалык, физиологиялык, психологиялык жактан өнүктүрүү менен даярдап баруу керектиги мурунтадан эле каралып, бул милдет азыркы учурда жаңы аспектиде актуалдуу жана проблемалуу маселе болуп жаткандыгы белгиленди. Илимпоздор сунуш кылган окуу ишмердүүлүгүнүн компоненттери жөнүндө баяндалат. Балдарда окуу ишмердүүлүгүнүн көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча педагогикалык иштердин негизги багыттары сунуш кылынды. Мектепке окууга даярдоонун шарттары белгиленди. Бала бакча менен мектептин ортосундагы байланыш иштеринин мазмуну көрсөтүлгөн. Бала бакчада мектепке даярдоонун милдеттери жана иштердин формалары баяндалды.Балдарды мектепке окууга даярдоодо тарбиячыга коюлган милдеттер жана анын инсанына коюлган талаптарга басым жасалды.

**Ачкыч сөздөр:** бала, мектепке даярдоо, максаты,окутуу, көндүмдөр, шарттар, каражаттар.

# ЦЕЛИ И ЗАДАЧИ ПОДГОТОВКЕ ДОШКОЛЬНИКОВ К ОБУЧЕНИЮ В ШКОЛЕ

*Преподаватель,* Кадырова Турна.
*ORCID: https://orcid.org/0009-0000-9276-56-49*
*Ошский государственный педагогический университет имени А.Ж. Мырсабекова, 723504, Кыргызская Республика г. Ош, ул. Н. Исанова, 73*
turnakadyrova@gmail.com

**Аннотация.** В какой степени необходимо подготовить детей к обучению, поскольку целью дошкольных образовательных организаций является подготовка детей дошкольного возраста к школьному обучению?- возникает серьезный вопрос. В научной статье расскрывается, как эта тема изучалась до сих пор, кто ее изучал, какие выводы были сделаны. В нем рассказывается о том, в какой степени подготовка детей дошкольного возраста к обучению в школе рассматривается в нынешнюю времени глобализации и информации, а также о предстоящих задачах, целях, содержании проводимой работы. Были проанализированы уровни подготовки к школьному обучению, содержание подготовки. Основной проблемой рассматривалось формирование у детей учебной деятельности. Дана характеристика этапов развития навыков обучения.Рассмотрено, необходимости подготовка детей детского сада к школьному обучению с педагогическим, физиологическим, психологическим развитием, и эта задача в настоящее время является актуальной

проблемной в новом аспекте. В нем рассказывается о компонентах учебной деятельности, предлагаемых учеными. Предложены основные направления педагогической работы по формированию у детей навыков учебной деятельности. Предлагается условия подготовки к школьному обучению. Предложены содержание связь работы между детским садом и школой. В детском саду изложены задачи и формы работы по подготовке к школе.При подготовке детей к обучению в школе упор делается на обязанности воспитателя и требования, предъявляемые к его личности.

**Ключевые слова:** ребенок, подготовка к школе, цели, обучение, навыки, условия, средства.

## PREPARING PRESCHOOLERS FOR SCHOOL

Teacher. Kadyrova Turna.
*ORCID: https://orcid.org/0009-0000-9276-56-49*
*Osh State Pedagogical*
*University named after A.J. Myrsabekov,*
*723504, 73 N. Isanov str.,*
*Osh, Kyrgyz Republic*
turnakadyrova@gmail.com

**Annotation.** To what extent is it necessary to prepare children for learning, since the purpose of preschool educational organizations is to prepare preschool children for schooling?- there is a serious question. The scientific article reveals how this topic has been studied so far, who studied it, and what conclusions were drawn. It describes the extent to which the preparation of preschool children for school is considered in the current era of globalization and information, as well as upcoming tasks, goals, and the content of the work being done. The levels of preparation for schooling and the content of training were analyzed. The main problem was the formation of children's learning activities. The characteristic of the stages of learning skills development is given.The necessity of preparing kindergarten children for school education with pedagogical, physiological, and psychological development is considered, and this task is currently an urgent problem in a new aspect. It describes the components of educational activities offered by scientists. The main directions of pedagogical work on the formation of children's learning skills are proposed. The conditions of preparation for school education are offered. The content of the work relationship between kindergarten and school is proposed. The kindergarten outlines the tasks and forms of work to prepare for school.When preparing children for school, the emphasis is placed on the duties of the educator and the requirements imposed on his personality.

**Keywords:** child, preparation for school, goals, learning, skills, conditions, means.

**“Баланы окутуу – алиппе менен ручканы колуна карматкандан алда канча эрте башталат.” (Е.И.Тихеева)**

Мектепке чейинки мекеменин билим берүү жана тарбиялоо иштеринин баардыгы- балдарды мектепке окууга даярдоого багытталат.Балдарды мектепке даярдоо проблемасын изилдөө балдарды мектептеги билим берүүгө зарыл болгон билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү окутуунун мазмунун иштеп чыгуудан башталган. Бул багыт мектепке атайын даярдык деп аталат. Мектепке окууга даярдоо маселеси көптөгөн жылдар ичинде педагогдор, психологдор, физиологдор жана усулчулар тарабынан изилденип келди. Окууга даярдыгын калыптандыруу деген- баланын мектептеги окуу программасын өздөштүрүүгө жана класс жамаатына аралашууга негиз түзүүнү түшүндүрөт.Бул узак жана татаал процесс, анткени баланы ар тараптан өнүктүрүү максаты ишке ашат.

Е.А.Флеринанын, А.В.Суровцеванын, Л.И.Чулицкаянын эмгектеринде сабактарды окутуу процессинде мектепке чейинки курактагы балдарда билим жана көндүмдөрдү өздөштүрүүсүнүн активдүүлүгү өнүгүп, жөнөкөй акыл эмгегинин маселелерин чечүүдө тажрыйбага ээ болоору белгиленген. 1940-жана 1950-жылдарда балдарды мектепке даярдоонун негизги каражаты жана шарты катары окутууга мамиле кылууга талаптар

күчөтүлгөн. А.П.Усова мектепке чейинки дидактика концепциясын негиздеп, мектепке чейинки балдардын окуу ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүн жана деңгээлин ачып берген. [1,34-б]

1950- жылдан баштап А.А.Люблинская "Балдардын мектепке акыл- эс жактан даярдоо" деген теманы изилдеп, анын концепциясын иштеп чыккан. Ал эми 1960-жылдары бул тема менен байланышкан маселелерди В.Запорожец. А.А. Люблинская жана А.М.Леушинанын эмгектеринде балдарды мектепке *жалпы даярдоо* сунуш кылынган. Ошентип, А.В.Запорожец өзүнүн докладдарында балдарды мектепке атайын даярдоо жалпы даярдыктын ажырагыс бөлүгү экенин бир нече жолу баса белгилеген.

1970-жылдары Ф.А.Сохинанын,Т.В.Тарунтаеванын "Бала бакчада балдарды мектепке окууга даярдоо" деген ат менен китеп жарыкка чыгат, ал эми "Окуганды кантип үйрөтүү керек"деген окуу куралы Б.А.Русакованын редакциясы менен басмадан чыккан. Аларда балдардын мектепке жалпы жана атайын даярдыгына карата теориялык жана практикалык жактан жооптор көрсөтүлгөн. Окумуштууларды алты жаштан баштап окутуунун проблемалары кызыктыра баштаган жана алты жаштагы балдардын мектепте окууга даярдыгын диагностикалоо маселелери да изилденген (Ш. А. Амонашвили, А. М. Пышкало ж.б.). Балдарды мектепке даярдоо- мектепке чейинки билим берүүнүн башкы милдети жана приоритети бойдон калууда.Төмөнкү милдеттерди: бала бакчалардын бардык педагогикалык иштери балдарды окууга даярдоого багытталат жана дээрлик бардык пландаштырылган иш-чаралар бул милдетти чечүүгө түз, же кыйыр түрдө байланышы бар.

1980- 1990-жылдары бул маселени чечүүдө олуттуу өзгөрүүлөр болгон. Мектепке даярдоо маселеси балдардын жалпы өнүгүшүнүн, инсандын алгачкы негиздеринин калыптанышынын табигый натыйжасы катары карала баштаган. Балдар менен иштөө практикасы көрсөткөндөй, мектепке чейинки курактагы балалык курак баланы мектепке даярдоо менен гана чектелиши мүмкүн эмес: балдардын жөндөмдүүлүктөрүн, чыгармачылыгын өнүктүрүүгө шарттарды түзүү, дүйнөгө эмоционалдык мамиле жана баалуулукка негизделген мамилесин өнүктүрүү, ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүндө өзүн -өзү өнүктүрүү жана өзүн- өзү аныктоо үчүн шарттарды түзүү маанилүү.

1980-жылдары баланын мектепке даярдыгы маселесин чечүүдө ар кандай пикирлер пайда болгон. Салттуу мамиле боюнча мектепке жалпы даярдык үч компонентти камтыйт: *физиологиялык, денелик жана психологиялык* жактан даярдык. Өз ичинде психологиялык даярдык беш компонентти камтыйт: интеллектуалдык, мотивациялык, социалдык - инсандык даярдык, бардык психикалык процесстердин өнүгүүсүнүн белгилүү бир деңгээли жана эрктик даярдык. **"Балдарды мектепке даярдоо"** түшүнүгү жалпы даярдыкты, атайын даярдыкты жана окуу ишмердүүлүгүнүн көндүмдөрүн калыптандырууну өз ичинде камтыйт. Мектепке чейинки билим алууга ар бир баланын укугун камсыз кылуу; баланын дене-күч, психикалык жана руханий ден соолугун сактоо жөнүндөгү милдеттер мыйзамда белгиленген. [2] Балдардын мектепте билим алууга даярдыгынын негизги көрсөткүчтөрүнүн бири-окуу ишмердүүлүгүнүн элементтерин калыптандыруу болуп саналат. Д.Б.Эльконин менен В.В.Давыдовдун пикири боюнча, окуу иш аракетинин жүрүшүндө балдар илимий-теориялык түшүнүктөрдүн системасын жана алардын негизинде практикалык маселелерди чечүүнүн жалпы ыкмаларын өздөштүрүшөт. Албетте, билим берүү ишмердүүлүгүн мектепке чейинки куракта толук өздөштүрүүсү мүмкүн эмес. Ошол эле учурда балдарды бул максатка даярдоо жана анын көндүмдөрүн калыптандыруу мектепке чейинки курактан башталышы керек.

Азыркы учурда билим берүү системасында олуттуу реформалар жүрүп жатат: атап айтканда билим берүүгө карата мамиле өзгөрдү, билим берүүнүн стандарттары жаңыланды, ошондой эле билим сапатына жогорку талаптар коюлуп жаткандыгы чындык. Анын себеби эл аралык билим берүү аймагына кошулуу болуп эсептелет. Билим берүүнүн өзгөргөн концепциялары, педагогдун билим берүүдөгү жаңы мазмунду өздөштүрүүсүнө жол ачат, жаңы технологияларды билүүсүн, 21-кылымдын мүнөзүнө

ылайык жаш муундарды окутуп-тарбиялоонун методдорун өз ишинде колдонууну талап кылат [8].

Окуу ишмердүүлүгүнүн негиздерин калыптандыруу маселеси боюнча ар кандай көз караштар бар. Бул маселенин алгачкы изилдөөчүлөрүнүн бири катарында А.П.Усованы белгилеп кетүү керек. Тайпадагы окуу процессинин жүрүшүндө балдар мектеп окуучусуна зарыл болгон уюшкандык, тартиптүүлүк, ошондой эле окуу ишин аткаруу процессинде өзүн башкара билүү, анын жыйынтыгына баа берүү, сабактын жүрүшүндө көңүл бурууну сактоо сыяктуу сапаттарга ээ болоорун белгилеген. Бул жеке инсандык сапаттар жана көндүмдөр жалпы тайпада окутууда ийгиликтүү калыптанат жана ар кандай деңгээлде болушу мүмкүн:
1) *жогорку деңгээл*- балдар педагогдун көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алат, максатты ишке ашырат,билимдин жана тарбиянын талап кылынган деңгээлине жооп берет;
2) *орточо деңгээл*- балдар көрсөтмөлөрдү угат, бирок кээде аларды аткарышпайт, бирин-бири тууроо кеңири өнүккөн болот, натыйжаларга дайыма эле жетише бербейт;
3) *төмөнкү деңгээл*- балдар тарбиячынын көрсөтмөлөрүн угат, бирок аларды аткарууга аракет жасалбайт; натыйжаларга жетүү кыйынга турат.

А.П.Усова “ Бала бакчада окутуу”деген эмгегинде балдардын окуу ишмердүүлүгүнө мүнөздөмө берген. Мисалы: чоң адамдын сөзүн угуу жана түшүнүү, анын көрсөтмөсү менен иш аракетти аткаруу, өзүнүн аракетин башка балдардын аракетине салыштыруу, өзүнүн сөзүн жана аракетин башкаруу. ж.б. Окуу ишмердүүлүгүнүн негизги компоненти болуп,окуу маселеси болуп саналат. Ал эки бөлүктөн турат:балдарга эмнени аткаруу керектигин баяндоо жана аны кантип аткаруу керек. А.П.Усова занятиенин шартында мектепке чейинки балдардын тапшырманы аткаруунун ыкмаларын үйрөнүү өзгөчөлүктөрүн баса белгилеп кеткен. Адегенде баланы эмнени жасоо керектиги кызыктырат, андан кийин окуу тапшырмасын кабыл алып “Кантип аткаруу керек?” деген максатты түшүнүүгө жетишет.

Л.А.Венгер,окутуу ишмердүүлүгү балдардын эрктүү процесстеринин болуусун талап кылат деп белгилеген: көңүл буруу, ой жүгүртүү, эстөө ж.б. Окуу ишмердүүлүгүнүн негизги компоненти – бул *окуу тапшырмасын кабыл алуусу,* ал окутууда жана чоңдор менен болгон мамиледе, балдардын ишинин башка түрлөрүндө да калыптанат.

Окуу ишмердүүлүгү – бул балдардын билимди, көндүмдөрдү жана билгичтиктерди өздөштүрүүдөгү иш аракети болуп саналат.Ал тарбиячынын жетекчилиги менен жүрөт. Мектепке чейинки балдардын окуу ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсү баланын алдыдагы тапшырманы жана берилген суроону түшүнгөндүгү , аны аткаруунун жолун издегени жана каражатын табуусу менен мүнөздөлүп, алдындагы милдетти аткарууда өзүнүн иш аракетин көзөмөлдөөсү жана иштин жыйынтыгын өз алдынча анализдей алуусунан көрүнөт. Мектеп жашына чейинки балдарды окутуу, мектепке даярдоонун эң маанилүү милдеттерин чечет. Анткени, 7 жашка чейинки балдар бала бакчада жана үй- бүлөдө тамгаларды таанып, китепке кызыгып жана математикалык эсептерди кээде өз алдынча, бирок көп учурда бала бакчадагы окутуудан үйрөнүшөт. Жаш балдар китептин сүрөттөрүн көрүп, аңгеме түзүп, оюн- тапшырмаларын аткарып акырындык менен окуу иш аракеттеринин элементтерин өздөштүрүшөт. Балдар мектепке чейинки курагында курчап турган чөйрөдөгү баардык нерселерге жана көрүнүштөргө, кубулуштарга саресеп салып, изилдөө жүргүзө башаташат. Алардын дүйнөү таануууга болгон кызыгуусу- психологиялык таануу процесстерин өнүктүрөт. Анткени, алар үчүн бардык нерсе кызыгуу жаратат да, “ Бул эмне?”, “ Эмне үчүн”, “ Кантип?” деген толгон- токой суроолорго сабактарда окутууда жана өз алдынча изилдегенде жооп табат. Балдардын курчап турган дүйнөнү таануусунун өзгөчөлүктөрүн К.Д.Ушинский айткандай, жаш бала нерсенин формасын, өңү-түсүн,үнүн,касиетин кармалап көрүү аркылуу ойлонот.[3] Тарбиячынын системалуу окутуусунун жардамында балдар сабакта көңүл буруп угуп, маалыматты кабыл алып жана түшүнүп, алдыдагы тапшырманы кантип аткаруунун этаптарын билүү менен окуу ишмердүүлүгүн өздөштүрүшөт.

Р.С.Буре, И.Н.Домащенконун эмгектери балдардын өзүн-өзү текшерүүнүн маанилүүлүгүн белгилейт. Мектепке чейинки куракта өзүн-өзү текшерүүнүн үч түрү

калыптанат: 1) жыйынтыктоочу ; 2) оперативдүү, же процесстик; 3)алдын ала бала ишти баштабай туруп чоң кыйынчылыктарды келтире турган жерлерди белгилейт.

Мектептеги окууга балдарды жалпы жана атайын багытта даярдоону айырмалоо керек.Атайын даярдоо өз ичинде мектепте окутулуучу кыргыз тили, матматика,көркөм өнөр,ж.б. сыяктуу предметтерге даярдоочу билим, көндүм жана ык-машыгууларга үйрөтүүнү түшүндүрөт. Ал эми жалпы даярдоо деген- дене жана психикалык жактан даярдыгын билдирет.

Дене жактан даярдоо: баланын ден соолугунун тазалыгы, күчтүүлүгү. жагымсыз таасирлерге каршылыгы, боюнун өсүүсү, салмагынын жашына туура келүүсү, ири жана кичине моторикасынын талапка ылайык келүүсү, кол манжаларынын жазууга, сүрөт тартууга эптүүлүгү, акыл эмгегинин туруктуулугу, маданий- гигиеналык ыктарды өздөштүрүүсүн өз ичинде камтыйт.Дене жактан жакшы өнүккөн бала мектепте окутууда кезиккен кыйынчылыктарды оңой жеңет жана акыл- эс жактан да жакшы өсөт.

Ал эми **психологиялык** жактан даярдоо деген балдардын интеллектуалдык деңгээлинин өнүгүүсүн, окуу мотивдеринин калыптануусун түшүндүрөт. Жогорку мектеп курагынын аягында балдар курчап турган дүйнө, адамдардын жашоо турмушу, эмгеги жана жаратылыш жөнүндө толук билимге ээ болуп калышат. Балдар билүүгө тийиш болгон билимдин көлөмү бала бакчанын программасында аныкталган.Бирок балдардын алган билимдери үзүндү катарында эмес, мектептеги предметти өздөштүрүүгө негиз болуучу бири- бири менен байланышкан билимдердин системасын өздөштүрүүгө тийиш. Балдарды мектепке даярдоодо дүйнөнү таанууга болгон кызыгуусун, байкагычтыгын өнүктүрүү маанилүү.

Мектептеги окууга психологиялык жактан даярдоонун маанилүү милдеттеринин бири- бул адептик, эрктик сааттарын тарбиялоо болуп саналат.Анткени, окуу ишмердүүлүгү эрктүү көңүл бурууну, максаттуу эстеп калууну, өзүн- өзү текшерүүнү, тартиптүүлүктү, жоопкерчиликтүүлүктү, өз алдынчалыкты, уюштуруучулук жөндөмдү талап кылат. Эрктик-этикалык сапаттар өз ичинде баланын мектеп коллективинде жашап кетүүсүнө, коомдук турмушка аралашып кетүүсүнө жакшы шарт болот.Мисалы: кең пейилдүүлүк, өз ара жардамдашуу, уюштуруучулук жөндөмдөр. Психологиялык жактан даярдоодо, бала мктетеги жаңы ишмердүүлүккө гана эмес, окучунун социалдык – укуктук абалына жана милдеттерине даяр болууга тийиш.

Изилдөөлөрдү жыйынтыктап, мектепке чейинки балдарда окуу ишмердүүлүктүн көндүмдөрүн боюнча педагогикалык иштердин негизги багыттарын бөлүп карасак болот :

- окуу тапшырмасын кабыл алуу жөндөмүн өнүктүрүү:
-аракеттин жалпы ыкмаларын өздөштүрүү-изилдөө, нерселерди салыштыруу, жыйынтыктоо ж.б.
-пландаштыруу көндүмдөрүн өнүктүрүү ;
- иш-аракеттин негизги жагын бөлүп кароосун өнүктүрүү;
-өзүн- өзү текшерүү, өзүн- өзү баалоо сапаттарын калыптандыруу керек.

Мектепке чейинки куракта балдарды ар тараптан: акыл-эс, таанып-билүүсүн өнүктүрүү, сүйлөө кебин өстүрүү, эстеп калуусун жакшыртуу абдан маанилүү. Анткени бул куракта пайдубал түптөлүп, кабыл алуусу бат болот. Бүгүнкү күндө педагогдордун жана психологдордун көңүлү музыканын балдардын өнүгүүсүнө тийгизген таасирине көбүрөөк бурулуп жатат. Интеллектуалдык жана эмоционалдык процесстердин пайдубалы түптөлүп, биринчи таанып-билүү жана социалдык көндүмдөр калыптанган кезде, мектепке чейинки куракта музыканы колдонуу өзгөчө мааниге ээ. Музыка –бул жөн гана ырахат тартуулоонун гана булагы эмес, баланын инсандыгынын ар түрдүү аспектилерин, анын ичинде ой жүгүртүүсүн, эс тутумун, көңүлүн, фантазиясын жана дүйнөнү чыгармачылык менен кабылдоосун өнүктүрүүнүн күчтүү куралы десек болот [9].

Маанилүү милдеттердин бири- мектепке чейинки билим берүү уюму менен мектептин ортосундагы үзгүлтүксүз байланыш болуп саналат.Эки мекеменин билим берүү мазмунуну, педагогикалык иштин формалары жана ыкмалары бири- бирине жакын болушу керек. Заманбап шарттарда бул милдеттер жаңы компоненттер менен байытылган :

а) мектепке чейинки жана башталгыч класстагы балдардын дүйнө таанымынын эмоционалдык мүнөзүнө карата эмоционалдык багытта болуусу, мектепте системалуу билим берүүгө өтүүдө эмоционалдык комфортту жана колдоону камсыз кылуу;
б) жетектөөчү иш-аракеттердин (оюн жана тарбиялык) ортосундагы байланыштарды камсыздоо; балдарга өз дараметин ишке ашырууга жана өзүн ар кандай жолдор менен ырастоого мүмкүндүк берген иш-аракеттерге таянуу ; иш-чараларды ишке ашыруунун изденүү жана кайра түзүү мүнөзү;

в) мектепке чейинки билим менен башталгыч мектепте билим берүүнүн мазмунуну перспективдүү байланышта болуусу;

г) курактык баалуулуктарга басым жасоо менен балдардын баарлашуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу, ар кандай деңгээлдеги баарлашуу ыкмаларын өздөштүрүүсүнө жетишүү (жакын адам, дос, тарбиячы, ж.б.);

д) баланын жекече өзгөчөлүгүнө жана кайталангыстыгына карата мамиле, иш-аракеттин ар кандай түрлөрүндө балдардын субъективдүү позициясын колдоо талап кылынат.

**Жыйынтыктап айтканда,** мектепке чейинки балдар 6 жашына чейин жашоосунун узак, татаал жана жемиштүү жылдарын өткөрүшөт. Алар денелик, акыл-эс, жан дүйнө жактарынан дүркүрөп өнүгүшөт. Бала бакчада, үй-бүлөдө жашоодо өнүгүүдөн тышкары, мектептеги окууга даяр болуп калышат.Анткени балдарды курчап турган адамдар чөйрөсү, табият чөйрөсү, техника, технология каражаттары, коомдук турмуш, буюм жана нерселер, жашоо шарт түздөн- түз таасир этип, балдардын инсанын калыптандырат. Ошентсе да, балдарды окутуу- тарбиялоо мекемесинде максаттуу жана системалуу окуу-тарбия иштерин алып барбаса, анда балдардын өсүп, өнүгүүсү коомдук талапка жооп бере албайт.Ошондуктан бала бакчалардын негизги максаты жана милдеттери болуп, балдарды мектептеги окууга ийгиликтүү даярдоо эсептелет. Мектепке даярдоонун бир канча аспектилери бар. Жалпы жана атайын даярдоо багыттары боюнча иш чаралар жүргүзүлүүгө тийиш.Балдар оюнда гана өнүо алышат, ошондуктан оюн ишмердүүлүгүн максттуу уюштуруу маанилүү. Балдарды мектепке даярдоодо окутуу процессине өзгөчө басым жасалат. Бала бакчадагы ар бир сабактарды балдарга өтүү менен, мектептеги предметтерди өздөштүрүүгө жол даярдалат. Тарбиячылар сөз өстүрүү, айлана чөйрө менен тааныштыруу, математика сабактарын мазмундуу,жаңыча методдор менен өтүүсүн сунуш кылабыз.Балдарды жалпы даярдоо жана атайын предметтик көндүмдөрдү калыптандырууну тарбиячылар милдет катары кабыл алуусу керек. Бала бакчада туура тарбиялоо жана окууга даярдоо- мектепте балдардын ийгиликтүү окуп кетүүсүнө шарт болмокчу.

**Адабияттар:**

1. Ежкова Н.С. Дошкольная педагогика.Учебное пособие для ВУЗОВ /Н.С.Ежкова.- Издательство Юрайт. 2020г.
2. Кыргыз Республикасынын “ Мектепке чейинки билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы. 2014ж. 30.05
3. Пичугина Л.С.“Дошкольная педагогика” Издательство: Москва 2015 г.
4. Болотина Л.Р. Дошкольная педагогика. Учебное пособие для ВУЗОВ /Л.Р.Болотина, Т.С.Комарова, СП.Баранов. М:Издательство Юрайт, 2020г. 5.Исаева А.А. “Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячылары үчүн усулдук колдонмо” Бишкек 2014-ж
5. Ежкова Н.С. Руководство самостоятельной деятельностью старших дошкольников / Н.С.Ежкова.- Детство – Пресс, 2015г
6. Усенко Л.В. Базисная программа воспитания, обучения и развития детей дошкольного возраста / А.В.Усенко, К.С.Сейдекулова. Бишкек, 2010г.
7. https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/238/163
8. https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/243/169